ISSN 1694-7681

# ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА

Копия верна:
Ученый секретарь ОшГУ
Асанбекова Д.Ж.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Айдарова Ж.М.*
ОКУУГА НАТЫЙЖАЛУУ ОКУТУУНУН
ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ....................................34
*Айдарова Ж.М.*
ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ВОПРОСЫ ЭФФЕКТИВНОГО
ОБУЧЕНИЯ ЧТЕНИЮ..............................................34
*J.M. Aidarova*
THE ORETICAL ISSUES OF EFFICIENT
LEARNING READING……………………………34

*Акматова Ч.А.*
«АДАБИЙ ОКУУ» САБАГЫНДА БАШТАЛГЫЧ
КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ОКУП
ТҮШҮНҮҮ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН
КАЛЫПТАНДЫРУУНУН КЭЭ БИР
ЫКМАЛАРЫ..............................................................38
*Акматова Ч.А.*
НЕКОТОРЫЕ ПРИЕМЫ ФОРМИРОВАНИЯ
КОМПЕТЕНТНОСТИ ОСОЗНАННОГО ЧТЕНИЯ
У УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ
НА УРОКЕ «ЛИТЕРАТУРНОЕ ЧТЕНИЕ»………38
*Ch.A. Akmatova*
SOME TECHNIQUES FOR THE FORMATION
OF THE UNDERSTANDING OF STUDENTS
IN PRIMARY SCHOOL IN THE LESSON
LITERARY READING……………………………..38

*Баитова Ф.Т.*
«МАНАС» ЭПОСУ КЫРГЫЗ ЭЛИНИН
ИНСАНДЫК БААЛУУЛУКТАРЫН
ИЗИЛДӨӨНҮН БУЛАГЫ.........................................42
*Баитова Ф.Т.*
ЭПОС «МАНАС» КАК ИСТОЧНИК
ИССЛЕДОВАНИЯ ЛИЧНОСТНЫХ
ЦЕННОСТЕЙ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА………42
*F.T. Baitova*
EPIC «MANAS» IS THE SOURCE
OF THE STUDY
THE VALUE OF KYRGYZ PEOPLE………………42

*Байышова Г.Ж., Мамышов К.Ч.*
ПЕДАГОГИКАЛЫК АДИСТЕРДИ ДАЯРДООДО
ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАНЫ
УЮШТУРУУ ЖАНА ӨТКӨРҮҮ..............................48
*Байышова Г.Ж., Мамышов К.Ч.*
ОРГАНИЗАЦИЯ И ПРОВЕДЕНИЕ
ЭТНОПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ПРАКТИКИ
В ПОДГОТОВКЕ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ
КАДРОВ.....................................................................48
*G.Zh. Baiyshova, K.Ch. Mamyshov*
CONDUCT AND ORGANIZATION
OF ETHNIC-PEDAGOGICAL PRACTICE
IN PREPARING PEDAGOGICAL
PERSONNEL…………………………………………48

*Зулпукарова Д.И., Шаимбетова У., Надырбекова Г.Р.*
БУЛУТ ТЕХНОЛОГИЯСЫ СТУДЕНТТЕРДИН
ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРИН УЮШТУРУУНУН
КАРАЖАТЫ КАТАРЫ...............................................52
*Зулпукарова Д.И., Шаимбетова У., Надырбекова Г.Р.*
ТЕХНОЛОГИЯ «ОБЛАКО» КАК СРЕДСТВО
ОРГАНИЗАЦИИ САМОСТОЯТЕЛЬНОЙ
РАБОТЫ СТУДЕНТОВ.............................................52
*D.I. Zulpukarova, U. Shaimbetova, G.R. Nadyrbekova*
TECHNOLOGY «CLOUD» AS A MEANS
OF ORGANIZING INDEPENDENT WORK
OF STUDENTS……………………………………52

*Исакова В.Т.*
БААЛООНУ УЮШТУРУУДАГЫ
МУГАЛИМДИН ТАЯНЫЧ ТҮШҮНҮКТӨРҮ.......56
*Исакова В.Т.*
ОПОРНЫЕ ПОНЯТИЯ ДЛЯ УЧИТЕЛЯ В
ОРГАНИЗАЦИИ ОЦЕНИВАНИЯ.............................56
*V.T. Isakova*
THE BASIC CONCEPTS OF THE TEACHER
IN THE ORGANIZATION OF ASSESSMENT.........56

*Калдыбаева А.Т.*
КОМПЕТЕНТТҮҮ МАМИЛЕ ШАРТЫНДА
ПЕДАГОГДОРДУ ДАЯРДООНУН
ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ....................................................62
*Калдыбаева А.Т.*
ОСОБЕННОСТИ ПОДГОТОВКИ ПЕДАГОГОВ В
УСЛОВИЯХ КОМПЕТЕНТНОГО ПОДХОДА……62
*A.T. Kaldybaeva*
FEATURES OF TRAINING OF TEACHERS IN
TERMS OF COMPETENCE APPROACH…………..62

*Касымбеков Э.А.*
БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛООДО
ҮЙ-БҮЛӨНҮН ОРДУ...............................................65
*Касымбеков Э.А.*
МЕСТО СЕМЬИ В ВОСПИТАНИИ ДЕТЕЙ……..65
*E.A. Kasymbekov*
THE PLACE OF THE FAMILY IN THE
UPBRINGING OF CHILDREN……………………65

*Маатазимова Г.Э*
БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА БАЛДАР
АДАБИЯТЫН ОКУТУУНУН ЗАРЫЛДЫГЫ.......68
*Маатазимова Г.Э.*
НЕОБХОДИМОСТЬ ОБУЧЕНИЯ ДЕТСКОЙ
ЛИТЕРАТУРЫ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ.........68
*G.E. Maatazimova*
ON THE NECESSITY OF TRAINING CHILDREN'S
LITERATURE IN THE INITIAL CLASSES.............68

Копия верна
Ученый секретарь ОшГУ
Асанбекова Дж.Ж.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2019

*Айдарова Ж.М.*

# ОКУУГА НАТЫЙЖАЛУУ ОКУТУУНУН ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

*Айдарова Ж.М.*

# ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ВОПРОСЫ ЭФФЕКТИВНОГО ОБУЧЕНИЯ ЧТЕНИЮ

*J.M. Aidarova*

# THE ORETICAL ISSUES OF EFFICIENT LEARNING READING

*УДК: 37.01*

*Бүгүнкү күндө окууга натыйжалуу окутуу маселеси бардык куракта актуалдуу экендиги тастыкталды. Баштапкы класстарда окууга болгон кызыгуу жоголгондон кийин өспүрүм куракта аны натыйжалуу алып кетүү кыйынчылыкка турат. Көпчүлүк илимий изилдөөлөр ушул маселени чечүү үчүн өзүлөрүнүн белгилүү жолдорун, ыкмаларын сунушташат. Макала көтөрүлгөн маселенин теориялык суроолоруна кайрылат. Көптөгөн өнүккөн өлкөлөрдө сабаттуулук жана окууну өнүктүрүү боюнча комплексттик улуттук программалар бар. Мындай программалар көпчүлүк адамдарды активдүү окурмандардын курамына кошулушуна түрткү бермек. Окуу жана сабаттуулукту өнүктүрүү-бул педагогикалык гана көйгөй эмес, бул маанилүү долбоор жана жалпы мамлекеттин милдети. Педагогикалык булактардын талдоосу окууга натыйжалуу окутуунун теориялык концепциясы катары окуунун беш негизги көндүмдөрдү калыптандыруу керектигин тастыктады. Бардык көндүмдөр өз ара байланышта болуп сабаттуу окурманды калыптандырууда маанилүү ролду ойношот. Беш базалык көндүм окурмандык компетенттүүлүктүн түзүлүштүк элементтери болуп саналат.*

***Негизги сөздөр:*** *теориялык суроолор, окуу, натыйжалуу окутуу, негизги компетенттүүлүктөр, беш базалык көндүм, фонемалык кабыл алуу (тамга жана тыбыштарды таануу), окуу билгичтиги (декодирлөө), сөз байлыгы (лексикага ээ болуу), шар окуу, окуганды түшүнүү.*

*На сегодняшний день подтвердилось, что эффективное обучение чтению актуально для всех возрастов. Когда утрачен интерес к чтению еще в начальных классах, эффективно продолжить его в подростковом возрасте вызывает определенные трудности. Для решения этого вопроса многие научные исследования предлагают свои пути, приемы. Статья посвящена теоретическим вопросам поднимаемой проблемы. Во многих развитых странах существует комплексная национальная программа развития чтения. Такие программы способствуют многих людей включиться в состав активных читателей. Чтение и развитие грамотности - это не только педагогическая проблема, но и важный проет и задача всего государства. Анализ педагогических источников подтвердил формирование пяти основных навыков чтения как теоретическая концепция обучения эффективному чтению. Все навыки взаимосвязаны и играют важную роль в формировании грамотного читателя. Пять базовых навыков являются структурными элементами читательской компетентности.*

***Ключевые слова:*** *теоретические вопросы, чтение, эффективное обучение, основные компетенции, пять базовых навыков, фонематическое восприятие, (знание букв и слогов) умение читать (декодирование), словарный запас, беглое чтение, понимание прочитанного.*

*To date, it has been confirmed that effective teaching of reading is relevant for all ages. When interest in reading is lost in primary school, it is difficult to continue it effectively in adolescence. To address this issue, many scientific studies offer their own ways and methods. The article is devoted to theoretical issues raised by the problem. In many developed countries there is a comprehensive national reading development program. Such programs help many people to join the active readership. Reading and developing literacy is not only a pedagogical problem, but also an important project and a task for the entire state. The analysis of pedagogical sources confirmed the formation of five basic reading skills as a theoretical concept of teaching effective reading. All skills are interrelated and play an important role in the formation of a literate reader. Five basic skills are structural elements of reading competence.*

***Key words:*** *theoretical questions, reading, effective learning, core competencies, five basic skills, phonemic perception, (knowledge of letters and syllables) ability to read (decoding), vocabulary, fluent reading, reading comprehension.*

Сабаттуулукту өнүктүрүү – заманбап билим берүүнүн бирден бир негизги көйгөйү. Окуу жана сабаттуулуктун деңгээли менен тыгыз байланышта, себеби сабаттуулук окуу үчүн керек, ал эми окуу сабаттуулукту өнүктүрөт. Изилдөөлөрдүн талдоосу Кыргызстан сабаттуулуктун деңгээли боюнча өнүккөн өлкөлөрдүн арасынан артта калганын күбөлөндүрөт. Мисалы, 6 жаштагы балдардын сабаттуулуктун эң бийик деңгээли Канадада - 32%, Россияда - 14% (2003), 10 жаштагы балдардын сабаттуулугунун эң бийик деңгээли Англияда -24%, Россияда -8% (2003), Кыргызстанда көпчүлүк окуучулардын билим деңгээли мамлекеттик билим берүү стандартынын талабына жооп бербейт. Жалпысынан 4-класстардын билим деңгээли төмөн. 2005-жылы окуучулардын билими 2000-жылга салыштырганда төмөн болгондугу белгиленген. Төртүнчү класстардын ОЖМ жыйынтыгы көрсөтүп тургандай көпчүлүк окуучулар башталгыч класста керектүү болгон көндүмдөргө ээ болбостон бүтүп кетишет, демек бул окуучулар орто мектептерде окуусун ийгиликтүү уланта алышпайт.

Копия верна:
Ученый секретарь ОшГУ
Асанбекова Д.Ж.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Эгер көңүл буруп карасак, көпчүлүк окуучулар андан ары окуп кетүү үчүн орто мектептин базалык окуу көндүмдөрүнө ээ болбогондон кийин, билим сапатынын ушул баскычта эң төмөн болгондугуна таң калбай эле койсок болот [1].


Ар бир адамдын окуу деңгээли окуунун төмөнкү төрт өзөктүү факторунун биргелешкен таасири менен аныкталат:

1. дайыма окууга муктаждыгынын калыптанышы;
2. маалыматтын жеткиликтүүлүгү;
3. китептердин жеткиликтүүлүгү;
4. мазмундун жеткиликтүүлүгү.

Көптөгөн өнүккөн өлкөлөрдө сабаттуулук жана окууну өнүктүрүү боюнча комплексттик улуттук программалар бар. Мындай программалар көпчүлүк адамдарды активдүү окурмандардын курамына кошулушуна түрткү бермек. Окуу жана сабаттуулукту өнүктүрүү – бул педагогикалык гана көйгөй эмес, бул маанилүү долбоор жана жалпы мамлекеттин милдети.

Педагогикалык булактардын талдоосу окууга натыйжалуу окутуунун теориялык концепциясы катары окуунун беш негизги көндүмдөрдү калыптандыруу керектигин тастыктады. Негизги компетенттүүлүк катары окуу төмөнкү беш базалык көндүмдөрдөн турат:

1. фонемалык кабыл алуу (тамга жана тыбыштарды таануу);
2. окуу билгичтиги (декодирлөө);
3. сөз байлыгы (лексикага ээ болуу);
4. шар окуу;
5. окуганды түшүнүү.




**1-сүрөт.** Беш базалык көндүмдөр.

Педагогикалык булактардын талдоосу окууга натыйжалуу окутуунун теориялык концепциясы катары окуунун беш негизги көндүмдөрдү калыптандыруу керектигин тастыктады. Бардык көндүмдөр өз ара байланышта болуп сабаттуу окурманды калыптандырууда маанилүү ролду ойношот. Беш базалык көндүм окурмандык компетенттүүлүктүн түзүлүштүк элементтери болуп саналат жана аларды калыптандыруу дидактикалык "жөнөкөйдөн - татаалга" принцибинин негизинде баскычтуу жүрөт.

Төмөндө чет өлкөлүк жана жергиликтүү окумуштуулардын изилдөөлөрүн жалпылоонун натыйжасында негизги 5 көндүмдөргө берилген мүнөздөмө кеңири берилди [2].

**Тыбыштык (фонемалык) кабыл алуу** – бул тилдеги түрдүү тыбыштарды уга билүү жана ар кандайча өзгөртүү билгичтиги. Тыбыштык кабыл алуу жана алфавит менен таанышуу бир эле нерсе эмес экендигин баса белгилеп кетүү керек, анткени биринчиси жазуу менен байланышпайт жана толугу менен угуу компоненти болуп саналат.

Тыбыштык кабыл алуу – айтылган сөздөрдөгү өзүнчө тыбыштар менен иштөө, ойлонуу жана байкоо жөндөмдүүлүгү. Балдар басма тамгаларын окууну үйрөнгөнгө чейин алар сөздөрдөгү тыбыштар кандай иштегенин, сөздөр кептик тыбыштардан же фонемалардан турарын түшүнүшү керек.

Фонемалар бул – айтылган сөздөгү тыбыштын эң майда бөлүкчөлөрү, алар сөздүн маанисиндеги айырмачылыкты аныкташат. Мисалы, **көз** сөзүнүн биринчи фонемасынын [к] нын [с] га өзгөрүшү сөздү өзгөртөт жана анын мааниси дагы өзгөрөт. (Кашаанын ичиндеги тамга тамганын аталышын эмес, фонема же тамганын тыбышын билдирет. Мисалы, **к** тамгасы [к] тыбышын билдирет).

Тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрү калыптанган окуучуларда, ушул көндүмдөрү жеткиликсиз же жок болгон окуучуларга караганда окуганга үйрөнүү окуп жатканда тамгаларды айтуу жеңил болот [3].

**Алфавит менен таанышуу**-бул тамгалар менен тыбыштардын ортосундагы өз ара байланышты иликтеп үйрөнүү жана окуунун баштапкы түзүмдүк элементтеринин бири. Мисалы, тамганы көрсөткөндө, окуучулар бул тема боюнча өз билимдерин көрсөтүшөт жана бул тамгага туура келген тыбышты айтышат. Тыбыштык-тамгалык байланышты түшүнбөй туруп, окууга үйрөнүү мүмкүн эмес. Мындай байланыш окуу боюнча бардык окуу программаларынын маанилүү компоненти болуп саналат, анткени ал окурмандарга жазуу түрүндө берилген жаңы сөздөрдү таануу үчүн курал катарында кызмат кылат.

Тамгаларды билүү алфавиттеги тамгалардын аталыштарын таануу жөндөмдүүлүгү болуп эсептелет. Көптөгөн изилдөөлөр көрсөткөндөй, бул жөн-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



дөмдүүлүк окуунун башка көндүмдөрү менен байланышта жана сабаттуулукту өстүрүү үчүн маанилүү. Алфавитке үйрөтүү өсүүчү процесс болуп эсептелет. Балдар ымыркай кезинен бери эле тамга жөнүндө билим алышы керек. Алфавит тууралуу билимди алуунун потенциалдуу мөөнөттөрү төмөндөгүдөй:

**1-баскыч:** Балдар алфавиттик тамгалар визуалдык графиканын өзгөчө категориясы экенин билиши керек. Ар бир тамга өзүнүн аталышына ээ. Балдар 10 го жакын тамгаларды таанышы керек, ошондой эле өзүнүн атынын тамгаларын дагы билиши керек.

**2-баскыч:** Балдар алфавиттин бардык тамгаларын чоң жана кичине формаларын таанышы керек (эскертүү: бул тилдик айырмачылыкка жана пайдаланылган тексттин түрүнө – кат, символдор ж.б. жараша өзгөрүшү мүмкүн). Балдар айтып бергенде тамгаларды жаза алышы керек [4].

**Шар окуу** – бул сөздөрдүн маанисин түшүнүп, тиешелүү деңгээлде көркөм окуп, сезимдерди, эмоцияларды туура бере билүү же басымды тиешелүү сөзгө же фразага коюу менен тез окуу жөндөмдүүлүгү. Шар окуу көндүмдөрүн калыптандыруу өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- **башкарып окуу** – окуучулар болгон каталарды оңдой турган жана кайтарым байланыш бере турган кимдир-бирөөгө үн чыгарып окуу;
- **өз алдынча окуу** – окуучулар үн чыгарбай, ичинен окуусу.

Шар окуган окуучуларда жаңы сөздөрдү таануу, ылдам, так жана көркөм окуу, ошондой эле окуганын аңдап-түшүнүү билгичтиктери жакшы өнүккөн. Окуу ылдамдыгы окуунун ыкмаларынан (шашпай муундап, өзүнчө сөздөрдү шашпай муундап окуу, толук бир сөздү жана сөздөрдүн топтомун окуу) көз каранды. Окуу техникасын жогорулатуу үчүн окуучуну тез, бирок шашпай муундап окуудан толук сөздөрдү жана сөздөрдүн топтомдорун окууга өтүүсүнө, башкача айтканда, окуунун пайдалуу ыкмаларына тартуу керек.

Шар окуу акырындык менен бир топ убакытта жана күнүмкү практика аркылуу өнүгөт. Окуу көндүмдөрүнүн өнүгүүсүнүн эң алгачкы стадиясында окуучулардын оозеки окуусу жай жана эмгекти талап кылат, анткени окуучулар «коддорду ачууга» жаңыдан үйрөнүүдө-тыбыштарды тамга менен байланыштырганды, тааныган сөздөргө тыбыштарды айкалыштырууну үйрөнүшөт. Окуучулар автоматтык түрдө көп сөздөрдү билгенине карабастан, алардын оозеки окуусу көркөм, шар эмес болушу мүмкүн. Көркөм окуу үчүн окурмандар текстти маанилүү үзүндүлөргө бөлүшү керек. Бул бөлүмдөр фразаларды жана абзацтарды камтыйт. Окурмандар тынымдарга, логикалык басымдарга ж.б. көңүл коюу менен, текстке туура интонация бериши керек. Окурмандар эмнени окуп жаткандыгына жараша шар окуу өзгөрүлөт. Бул алардын сөздөр менен таанышуусунан, алардын тексттерди окуу практикасынын көлөмүнөн көз каранды болот. Эгер текстте бейтааныш сөздөр көп кездешсе, өтө чебер окурмандар дагы кыйынчылык менен текстти жай окушат [5].

**Сөз байлык** – окуучуларга сөздөрдү тааныганга жана түшүнгөнгө жардам берет. Сөз байлыкты өстүрүү окуу боюнча жетишкендиктерди жогорулатууда маанилүү роль ойнойт. Сөз байлыкты өстүрүүгө багытталган атайын окутуу абдан натыйжалуу болгондугуна карабастан, сөз байлыкты толуктоонун ар кандай түз жана кыйыр методдорун колдонуу да маанилүү. Жөнөкөй көнүгүүлөргө караганда мазмуну бай өзгөчө тексттерди колдонуу сөз байлыкты бир топ натыйжалуу өстүргөнгө жардам берет. Сөз байлыкты өстүрүүнүн натыйжалуу методдору сөздөрдүн маанисинин жана сөздөрдүн ортосундагы байланышты аныктоонун үстүндө иштөөнү өзүнө камтыйт.

Сөз байлык натыйжалуу пикир алышууну уюштурууда чоң роль ойнойт. Биз билген сөздөр активдүү же пассивдүү лексикага тиешелүү болушу мүмкүн. Активдүү лексика көбүнчө кепте колдонулат же угууда таанылат. Активдүү менен катар пассивдүү лексика тексттерди окуп жатканда пайдаланышы мүмкүн. Сөз байлыгы окууга үйрөтүүдө, ошондой эле окуп чыкканды түшүнүү үчүн маанилүү ролду ойнойт.

**Окуганын түшүнүү**–бул окурмандын, тексттин жана мазмундун ортосундагы өз ара байланыштын татаал процесси. Ал сөздөрдү таануунун жана тилди түшүнүүнүн жыйынды азыгы (продуктусу) болуп саналат. Окуганын түшүнүү көндүмүнө сапаттуу окутуу окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн жана муктаждыктарын эсепке алат. Мугалимдер шар окууга үйрөтүүнүн, алдын ала билимдерди активдештирүүнүн, сөз байлыгын өстүрүүнүн, окуучуларды шыктандыруунун жана окуучулардан текстке байланыштуу суроолорго мазмундуу жооп алуунун эсебинен аларга окурмандык компетенттүүлүгүн жогорулатканга жардам берет.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Түшүнүү окуунун себеби болуп саналат. Эгер окуп жаткан окурмандар сөздөрдү окуй алышса, бирок алар эмнени окуп жатканын түшүнө алышпаса, анда алар чындыгында окуй алышпайт. Түшүнүү - активдүү процесс болуп саналат, ал окурман жана текст ортосундагы атайын жана олуттуу өз ара аракеттешүүнү талап кылат [6].

Педагогикалык адабияттардын талдоосу, окуу боюнча теориялык концепциялардын жалпылоосу төмөнкү жыйынтыктарды жасоого мүмкүнчүлүк берди.

Окуунун биринчи баскычында окуучулар тыбыштын тамга менен тең салмактуулугун белгилешет, андан соң муунду окушат жана муунду сөзгө бириктиришет. Кийинки баскычта окуучу толук сөздү окуу менен, андан тааныш бөлүктү табышат, рифманы же контекст (сүрөт жардамчы контекст катары болушу мүмкүн) боюнча сөздү таанышат. Бул окутуу баскычы сөздүн маанисин түшүнүү жана ылайыктуу басымды коюу менен тез жана туура окуу менен бүтөт. Окуганды түшүнүү аракеттин тууралыгын көзөмөлдөө ыкмасы болуп эсептелет: эгер окуучу сөздү түшүнсө, демек, окуу туура болгон [7].

**Адабияттар:**


1. ББИМ /ЮНИСЕФ. 4-класстардын ОЖМ «Жалпы улуттук башталгыч класстардын билим сапатын изилдөө». - Бишкек, 2006.
2. Эсенгулова М. Башталгыч класстардын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу боюнча ресурстук материал. [Текст] / Эсенгулова М., Усупова М. - Бишкек, 2014.
3. “Келгиле окуйбуз” долбоорунун материалдарынан. - Бишкек, 2018.
4. “Келгиле окуйбуз” долбоорунун материалдарынан. - Бишкек, 2018.
5. Эсенгулова М. Башталгыч класстардын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу боюнча ресурстук материал. [Текст] / Эсенгулова М.,Усупова М. - Бишкек, 2014.
6. Эсенгулова М. Башталгыч класстардын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу боюнча ресурстук материал. [Текст] / Эсенгулова М.,Усупова М. - Бишкек, 2014.
7. ББИМ /ЮНИСЕФ. 4-класстардын ОЖМ «Жалпы улуттук башталгыч класстардын билим сапатын изилдөө». - Бишкек, 2006.


**Рецензент: к.пед.н., доцент Эсенгулова М.М.**

Копия верна:
Ученый секретарь ОшГУ
Асанбекова Дж.Ж.